**ММК фондунун 2024 жылдын 1 кварталында жарандар менен жүргүзүлгөн иштери**

Мамлекеттик кепилдиктер программасы, дары-дармек менен камсыз кылуунун кошумча программасы боюнча медициналык жардам алууда алардын укуктары жөнүндө, ММК Полиси жөнүндө, ММК фонду жана анын аймактык башкармалыктары тарабынан үзгүлтүксүз негизде коомчулук менен жолугушуулар уюштурулуп жана өткөрүлүп турат. 2024 жылдын 1 кварталында бардыгы болуп 240 жолугушуу уюштурулду жана өткөрүлдү, анын ичинен калк менен 109 жолугушуу, медициналык кызматкерлер менен 131 жолугушуу. Республикалык жана жергиликтүү телеканалдар боюнча –28 чыгып сүйлөө, радиодо – 10, басма сөздө – 55 жарыялоо болгон.

ММК фонду тарабынан 2023-жылдын 10-апрелинде №491 «Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилгендигине байланыштуу Ош, Баткен, Жалал-Абад, Нарын, Ысык-Көл, Талас облустарында жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча маалыматтык кампания өткөрүлдү. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн арасында, өкмөттүк эмес уюмдардын, айылдык саламаттык сактоо комитетинин катышуусунда, саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери, медициналык кызматкерлер, чет өлкөлүк студенттер менен камсыздандырылбаган жарандар үчүн ММК Полисинин артыкчылыктары, МКПга ылайык медициналык кызматтарды алуудагы пациенттердин укуктары, амбулаториялык деңгээлде жеңилдетилген дары-дармек менен камсыздоо ж.б. жөнүндө презентация берүү менен жолугушуулар жана маалыматтык-түшүндүрүү иштери өткөрүлдү. Ошондой эле стационарларда дары-дармек менен камсыз кылууда мониторинг жүргүзүү менен кошо саламаттык сактоо уюмдарында МКПнын маалымат такталары илинди.

ММК фонду менен келишим боюнча иштеген бардык саламаттык сактоо уюмдарында, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын маалымат такталарында ММК Фондунун 113 номери боюнча түз байланышына кайрылуу жөнүндө маалымат жазылган плакаттар илинген.

ММК Фондунун социалдык тармактарда Facebook (https://www.facebook.com/fomsKG/), –Instagram (https://www.instagram.com/foms_kg/) жана Telegram-каналда (https://web.telegram.org/k/) расмий аккаунттары бар.

Жалпысынан 2024-жылдын январь-март айларында (фейсбук, инстаграмм, телеграмм-канал, сайт ФОМС), 4 пресс-релиз, 15 видео-релиз, 554 жаңылык даярдалып жана социалдык тармактарга жайгаштырылган.